Нарын облустук мамлекеттик администрациясы
Нарын мамлекеттик университети

*Кыргыз мамлекеттуулугунун 2200 жылдыгына,*
*Ажыбек баатырдын 200 жылдыгына,*
*Казыбек казалчынын 100 жылдыгына арналган*

# "АЖЫБЕК БААТЫР ЖАНА АНЫН ДООРУ", "КАЗЫБЕК КАЗАЛЧЫ ЖАНА АНЫН АДАБИЙ МУРАСТАРЫ"

аттуу республикалык илимий-практикалык конференциянын

## МАТЕРИАЛДАРЫ

**2003-жылдын 20-21-сентябры, Нарын шаары**

**НАРЫН 2003**

ББК 63.3 (2Кы)
А - 34

БАШКЫ РЕДАКТОР: А.А.АКМАТАЛИЕВ
ЖООПТУУ КАТЧЫ: К.Д. ДЮШЕКЕЕВ

РЕДАКЦИЯЛЫК КОЛЛЕГИЯ:
Т.М.СИЯЕВ
А.Т.ТУРДУГУЛОВ
К.И. ИБРАИМОВ
Т.Н.ОМУРБЕКОВ
А.А. АКМАТАЛИЕВ

А- 34 "Ажыбек баатыр жана анын доору", "Казыбек казалчы жана анын адабий мурастары". Республикалык илимий-практ. конф. материалдары (2003-жылдын 20-21-сентябры) / НМУ.-Нарын, 2003.- 194 б.

ISBN 9967-21-868-1

Бул жыйнакка Ажыбек баатырдын кыргыз тарыхындагы жана Казыбек казалчынын кыргыз адабиятындагы зэлеген орду, мурастары жөнүндө илимий макалалар киргизилди.

А 0503020911-03

ББК 63.3 (2Кы)

ISBN 9967-21-868-1

© Нарын мамлекеттик университети

***Тарыхтын жандуу көрүнүштөрүн калыбына келтирип, күмөндөр жагдайларды тактап, элдик тарыхтын мөлтүр башатына кайрылуубуз зарыл...***

***Кыргызстандык жаңы муундар, эркүү жана эркин Кыргыз Республикасынын жарандары эң сонун билимге ээ, бүткүл дүйнө менен бирдикте маалыматтык мейкинде жашайт...***

(Кыргыз Республикасынын Президенти Аскар Акаевдин кыргыздардын бүткүл дүйнөлүк экинчи Курултайынын ачылыш аземинде сүйлөгөн сөзүнөн)

белгилүү болгондой эле Кытайда жаңы курулган династия мурунку династияның тарыхын жазып, ошону менен бирге өз династиясының түзүлүшү жөнүндө да кабар беришкен. Мурунку династияның тарыхын жазуу династияны мыйзамдаштыруу дегендикке да жатат эле. Манчжурлар Кытайды басып алгандан кийин 1645-1739 жж. арасында курулган *Ming Shih* династиясының тарыхын жазышкан. *Ch'ing Shih-kao* да ошол сыяктуу династияның тарыхы болуп эсептелет. Кытай өкмөтү 1928-жылы Пекинди басып алганда, мыйзамдуулугун бекемдөө үчүн *Chao Erh-hsun* дун башчылыгында жогорудагы эмгекти жаздырышкан. Бирок Кытай өкмөтү өлкөнүн жер аймактарына бүт бойдон ээ боло албагандыктан жана жаңы илим тармактарының Кытайга болгон күчтүү таасиринен улам бул эмгек башкалар сыяктуу мыйзамдуулукка ээ боло алган эмес. Эмгекте XVIII-XIX кк. саясий өнүгүүлөр жана мамлекеттик түзүлүш тууралуу маалымат бар.

Корутундулап айтсак Манчжур доорундагы Чыгыш Түркистан жөнүндө маалымат берген булактар башка доорлорго караганда маалыматка бай жана кыргыздар тууралуу маанилүү материалдар көп.

## XVII-XVIII КК. ЧЫГЫШ ТҮРКСТАНДАГЫ САЯСИЙ ОКУЯЛАРГА КЫРГЫЗДАРДЫН КАТЫШУУСУ

Кадир Туу
Кыргыз-Түрк «Манас»Университетинин тарых бөлүмүнүн магистранты

XV-XVI кылымдардагы улуу географиялык ачылыштардын натыйжасында Индия жана Кытай портторуна европалыктардын жетүүсүнөн кийин Чыгыш менен Батыш ортосундагы соода деңиз жолу менен жүргүзөлө баштаган. Жибек жолунун маанисинин азайышы менен бул жол боюнда жайгашкан соода борборлору да алсырай баштаган жана экономикалык, саясий проблемалар да көбөйгөн. Натыйжада көз бир мамлекеттер көчүп жоготуп, булар менен кошо Чыгыш Түркстан да белгилүү өлчөмдө жабыр тарткан.[15]

Бул доордо Чыгыш Түркстандын чыгыш жана түндүк аймактарын, көчмөн калмак, кыргыз элдери курчап турушкан. Бул элдердин Чыгыш Түркстандагы саясий иштерге кийлигишүүсү, жагдайдын өтө таталдашуусуна себеп болгон. Ошол эле мезгилде ички көрүштөрдүн көчүшүнөн пайдаланып, соопу шейхтер өлкөдө теократиялык бир мамлекет курууга аракет кылышкан.

Рашид хандын доорунда (1533-1570) Орто Азиядагы Бахауддин Накшибенди сектасындагы мусулман дин адамдары Кашкар шаарына келгенден кийин Чыгыш Түркстанда кожолор доорунун башталышына өбөлгө түзүлгөн[16]

[15] Йүнүс Эмре. «Кашкарда Хожалар деври ве Ипек Йолу» // Азийүүгүнэ Атийүрэк Т©рк Д©нйасы. №7. 1995. Истамбул. 124-125-б.
[16] Эркин Экрем. «Досу Туркистанда суфий кожалар» // Эрдем. Т.8. №23. Анкара, 1996. 645-б



1601-жылы Махдуму Азамдын[17] уулу кожо Искак Вели Кашкарга барып, ал жерден Теңир-Тоодогу кыргыздарга өтүп, аларга кожолук кылган. Кыргыздар исламды кабыл алгандан кийин алардын коомдук жашоосунда оң өзгөрүүлөр болгон. 1615-жылы кожо Калан[18] Яркентке келген жана Яркент ханы Абдуллатифхандын колдоосу менен Искак Велиге каршы көтүрүлүп, аны жок кылууга аракет кылган. Бул окуядан кийин сопулар эки топко бөлүнгөн. Аларга тарыхта «Актоолуктар» жана «Каратоолуктар» деген ат берилген. Актоолуктар Кашкарда турушкан жана дайым кыргыз-казактардын колдоосун алып турушкан. Каратоолуктар Яркентте туруп, кыргыздардан жардам алып турушкан.[19]

1638 жылы Абдулла-хан Яркентке өкүмдар болгондон кийин бийлигин жоготпоо үчүн Каратоолуктарга караштуу кыргыздар менен мамилесин бекемдеген. Андан кийин Актоолуктарга чабуул коо баштаган. Бул чабуулдарда Абдулла-хан кыргыздардан көп жардам алгандан кийин Чыгыш Түркстандын көптөгөн аймактарына аларды башчы кылып дайындаган.Кээ бир кыргыз бектерине аскердик наамдар да берилип бир катар кишилерди аскер командирлигине чейин көтөргөн[20].

Кашкар акими Мирза Дулат Чурас өлгөндө Абдулла-хан анын ордуна Койсары Бийди Кашкарга башчы кылып дайындады. Муну менен Кашкарда Чо-Багыш уруусу бийликке келди. Буга чейин бул жерде Абак кыя жана кыпчак уруу башчыларынын кадыр баркы бар эле. Бийлик алмашкандан кийин кашкардыктар менен кыргыздар арасында көрөштөр башталды. Жолборс хан Кашкарды курчоо үчүн аскери менен келди. Мырза Султан Койсарынын өлтүрүү коркунучунан качып Жолборс хан тарапка өтүп кетти. Бирок Жолборс хан Кашкарды ала албасын билип артка кайтканда ага кошулгандар кошо кетишти. Абдулла-хан Жолборс хандын артынан кубалатып эки ми кыргыздан турган аскерди аркасынан жиберди. Бул күрөштө ийгиликке жете албаган Абдулла хан Индия аркылуу Мекеге кетүүгө мажбур болду.[21]

Исмаилхан Каратоолук кожолорду колдоп, Актоолук кожолордун башчысы Аппак кожону куугунтукка алган. Аппак кожо калмактардан жардам алып, Исмаилханды жеңип, 1678-жылы эч каршылыксыз тактыга отурат. Бул окуядан кийин Чыгыш Түркстанда теократиялык мамлекет курулган. Бул мамлекетти башкаруу үчүн кожолор калмак менен кыргыздардын колдоосун күтүшкөн.[22]

Аппак кожо башында Жунгария калмактарынын өкүмдары Галдандын өкүлү жана жардамчысы катарында Кашкарда такка чыккан эле. Ушундан улам Галдандын башкаруусуна калып, салык төлөй баштаган.[23]Кашгарда кожолор (Аппак кожо) бийликти Чагатай

[17] Рашид хан доорунда Самаркандан Кашкар шаарына келген секта башчысы болгон
[18] Махдуму Азамдын уулу
[19] Эркин Экрем. Аты аталган эмгек. 646-б.; Хурматжан Фирет хожолорун Шинжаңга келиши же баш көтөрүп чыгышынын тарихи арка корунушу. №1. Урумчи, 2000. 38-б.
[20] Эркин Экрем. Аты аталган эмгек. 646-б.

[21] Шах Махмуд ибн Мирза Фазыл Чурас // Хроника. Которгон Акимушкин О. Москва, 1976. 239-б.
[22] Эркин Экрем. Каракалпактар же уйгурлар. Т©рколог энциклопедиясы. Т. 4. Анкара, 2002. 474-б.
[23] Мухамед Атыф. Кашкар тарихи. Транскрипция кылган И. Ака, В. К©чай. Кыргыкале, 1998. 133-б.

хандарынын колунан алуу үчүн күрөшү баштаган учурда борбор Яркентте болгон. Кашгар ханы Мехмед Эмин хан ошол убакта Субханкулу ханга кайрылып, «Сиздин бийлигиниздин таанылгыңыз деди» жана Субханкулунун атына кутба окутуп акча бастырды. 1693-жылы казак ханы Тауке Хан Фергана жана Кашгар арасындагы тоолу аймакты мекендеген Кыргыз бектери жана кожолору менен мамиле түзүп Фергананы ээлеп алууну көздөгөн. Ошол мезгилде кыргыздар Андижанды ээлеп турушкан. Хожент акими Рахимбек жана Субханкулунун аскерлери аларды жеңилүүгө учуратып Фергана толугу менен Аштарханиддердин колуна өттү[24].

Актоолук кожолор Аппак кожо өлгөндөн кийин Йахйа кожонун уулу Ахмед кожону алып келишип өздөрүнө диний башкаруучу катары кабыл алышкан. Ушул абалдан пайдаланган кыргыздар Кашкардын бийлигин колго алышты. Жада калса Яркентке дагы тез-тез жоортуул уюштуруп, ушул аймакка көтөрүп көрсөтүп жатышкан болчу. Ушундай нйгиликтерден улам кыргыздар маанилүү мамлекеттик катмарларга чейин көтөрүлүштү. Алсак, Арзу Мухамед Карахан мансабына дайындалды. Ага шаар башкаруусуна жардам берүү үчүн Кара Зенги бек жана эшик ага катарында Жаруб бек дайындалды. Демек, шаар бийлиги кыргыздардын колуна өттү[25].

Согуш искусствосун жакшы өздөштүрбөгөн кожолор көчмөн атчан казак жана кыргыздардын согушчан өзгөчөлүктөрүнүн пайдаланууну каалашкан. Ушул абалдан улам кыргыздар ар түрдүү себептер менен Чыгыш Түркстандагы саясий окуяларга кийлигише башташты. Натыйжада, актоолуктар жана каратоолуктар арасындагы күрөштөрдө оор абалда калган Даниел кожо Хашим Султан деген казак уруусунун башчысын чакырып, аны Яркенттин ханы деп жарыялашкан[26].

Садык кожо кыргыздардан жана хотандыктардан түзүлгөн жети жүз кишилик аскер менен Яркент сапарына чыкты. Гази бек аркылуу калмактар бул окуядан кабардар болушту. Илиден келген кыргыздар дагы Жусуп кожонун армиясына кошулушту. Жусуп кожо «өзүбүзгө ишеничибиз күч алды. Капыр калмактарга жардамдашкан кыргыздардын эки тобу те биздин тарабыбызга өттү» дейт[27].

Кыргыздардын бул жардамы үчүн Эмир Мырза вазирдик кызматка дайындалды. Кожо Мумин жана кожо Йахйа чо армия даярдашты. Бул армия Хотан жана Йангигисар күчтөрүнөн куралган эле. Бурхан-ад-дин жана анын бир тууганы Хан кожодон акыркы жооп алуу үчүн кыргыздардан түзүлгөн элчилерди жөнөтүштү[28].

Бурхан-ад-дин кожо, Кашкар армиясынан келген кыргыз элчилерине к$^{n}$пг$^{o}$г$^{o}$н убадаларды берип, өзүнүн тарабына тартууга жетишти. Уч дарбазаларына жетишпестен эле калмак аскерлеринен көптөгөн аскер

[24] Тогай.З.В. Бугушку Турк Дили Т©ркистан ве йакын тарихи, Истанбул 1981, 155-56.б

[25] Салахетдинова М.А. Сочинение Мухаммед-Садыка кашкари «Тазкирай-Й-Хожагиан» как источник по истории киргизов. // Изв. АНССР. Серия общественных наук. Т. 1. Вып. 1. Фрунзе, 1959. 101-б.

[26] Иналчык Курбан. Догу Т©ркистан ичин савашы. Т.Т.К. Анкара, 1997. 62-б

[27] Салахетдинова М.А. Аты аталган эмгек. 109-б.

[28] Салахетдинова М.А. Аты аталган эмгек. 110-б.



жарааланган болчу. Кыргыздар артка чегинүү тактикасы менен Уч армиясын жок кылабыз дешти. Бул пландын ишке ашуусунда кыргыздар Уч армиясы тарабына өтүштү. Мумин жана Йахйа кожо каршы тарап күчтөнгөнүнөн улам артка чегинүүгө мажбур болду. Армиясы да зыян чекти[29].

Кыргыз беги Ковад (Кубат бий) жана Бурхан-ад-дин кожо Яркент басылып колго алынса бул жер Кубат мырзага өлтүрүү жөнүндө макулдашышты. Макулдашууга ылайык Кубат мырза армия башчылыгына шайланды. Даярдалган чо армия Калмак, Кытай, Кашкар, Уч жана Аксу аскерлеринен түзүлгөн болчу. Бул күчтүү армияга туруштук бере албаган Яркент аскерлери оор жеңилүүгө учурашты. Ушул жеңиштен кийин кыргыздар маанилүү мансаптарга ээ боло башташкан[30].

Кытай жылнамаларында Кыргыздар менен Кытай арасындагы ырасындагы мамилелер ылган Кыргыз бийлери жана уруу башчыларынын аттарынын сакталып калган. Алар чо багыш уруу башчысы Хугуа, Оштун аксакалы Кажыбай, сарыбагыш менен саяктардын жетекчиси Маматкул, кыргыздардан белгил болган бийи Тлбай ж.б.[31]

Калмактар Чыгыш Түркстандын бардык шаарларына каратоолуктар тарабында болгон кожолорду бийликке койушкан. Бирок Кытай империясы 1755- жылы аларды (Калмактар) жеңилүүгө учураткан. Андан соң кытайлыктар Кашгарды көздөй бет алышкан. Кытай генералы Фу-тенин жардамга келишинен кийин Яркент кытайлардын колуна өткөн. Бурхан-ед-дин кожо кытай аскерине туруштук бере албасын сезип Кашгардан Аксуга качкан(1759)[32]. Чыгыш Түркстан ин жүзүндө толук бойдон кытайлардын колуна өткөн. Бул баскынчылыктан кийин Кытайга каршы көтөрүлүштөрдө кыргыздар да маанилүү роль ойной башташкан.[33]

## Чыгыш Түркстандагы көтөрүлүштөрдүн себебтери:

1. *Кожолордун элди көтөрүлүшкө чыгарусу:* Бурхан-ед-дин кожонун баласы Салих Кожо 1785-жылы Коконго келип жайгашкандан кийин Фергана жана башка шаарлардагы кожолор менен байланыш түзүп, Чыгыш Түркстандан кытайлыктарды сүрүп чыгаруу максатында жүргүзген.

2. *Оор салыктар:* Кытай Кашкар элинен оор салыктарды ала баштаган. Калкты зордоп «чока пулу» деген салыкты киши башынан алып турушкан. Айрыкча, жергиликтүү калкка соода менен алектенүүгө тыйуу салынган. Соода иштерин кытайлыктар гана жүргүзүп турууга укуктуу болушкан.

Жогоруда аталган себептерден улам 1765-жылдан кийин Чыгыш Түркстанда көптөгөн көтөрүлүштөр болуп өткөн. Кытайдын бул аймакты

[29] Салахетдинова М.А. Аты аталган эмгек. 114-115-б.

[30] Акиин Экрем. Аты аталган эмгек. 49-б.

[31] Кумеков Б., Кыргыз Республикасынын Тарыхы. Бишкек 2000. 130.б.

[32] Тансу Йушус Емре, «кашгарияда хожалар девири ве ишек йолу» Аля Йурттаи Атайурдик Турк дуньясы, No:7, Истанбул 1995. 126.б

[33] Иналчык Курбан. Догу Т©ркистан ичин савашы. Т.Т.К. Анкара, 1997. 166-б.

басып алуусунан кийин, Чыгыш Түркестан эли үчүн өтө татаал бир мезгил башталган. Ошол абалдан кутулуу үчүн жергиликтүү эл убак убагы менен көтөрүлүшкө чыгып турган. Кээде ийгиликке жетишсе да кайрадан кытайдын үстөмдүгүн тануурга мажбур болуп турушкан.[34]

### Үчтурфан көтөрүлүшү

Үчтурфан акимбеги Абдулла, Кытай мамлекети тарабынан Кумулга хан болуп дайындалган. Су-Чинг элге зомбулукту көп көргөзгөндүктөн эли эң жек көрө башташкан.[35] Афган өкүмдары Ахмет Шах Дорринин жардам кылуу тууралуу убадасына таянып,[36] 1765-жылы эл, Рахматулла хандын башчылыгында көтөрүлүшкө чыгышкан. Алар Кытай кошуундарын жеңип алты айдай бул жерди башкарып, бирок жардам келбегендиктен кайрадан Кытайдын үстөмдүгүн тануурга мажбур болушкан.[37]

Кожолор саясий аренага чыга баштаган мезгилде Чыгыш Түркстанда саясий көтөрүлүштөр да көбөйгөн. Бул көтөрүлүштөр элди экиге бөлүп-жаргандан башка эч пайда алып келген эмес. Бул окуялардан кийин кыргыздар менен уйгурлар да эки жаатка бөлүнүшкөн. Кожолордун теократиялык мамлекет курууга болгон иш-аракеттери ишке ашкан менен өлкөнүн, а дегенде калмактарга андан кийин кытайларга көз каранды болушуна жол ачкан. Демек бир мемлекеттин өз эркиндигин, саясий биримдигин сактап калуусу үчүн эң алгач, ич ара биримдикти камсыз кылуулары керек экенин көрөбүз.

## КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТҮҮЛҮГҮНҮН ТАРЫХЫНАН

**Доконов Р.Т.**
**НМУнун мугалимдердин билимин жогорулатуу борборунун сектор башчысы**

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 2200 жылдыгына карата жазылган бул доклад, алгачкы адамзаттын тарыхынын жө дүйнөнүн тарыхы башталган Греция, Рим, Египеттин мезгилинде кыргыз өлүнүн тили, дини, өөлеген аймагы жана өзгочөлөнгөн маданияты болгондугун аз да болсо тастыктоо, кыргыз элинин улуу элдерден экендиги жана улуу тарыхы бар экендигин дүйнө элдери менен илгертеден бери алакалаш, чырмалышкан жолду басып өткөндүгү, бул этностун туруктуулугу, чыдаймкайлыгы, сабырдуулугу жана кээ бир хронологиялык мезгилдеги пассионардуулугу, айкөлдүгү,

[34] Tansu Йүнүс Емре, «кашгарлыда хожалар деври ве инек йолуу Ака Йурттан Атайурда Турк дунясы, No:7, Истанбул 1995. 126-127.б

[35] Иклил Курбан, Хожалар Деври «Доктора Тезис» Хажеттепе Университеси Сосял Билимлер Енститусу, Анкара 1992. 95-96. б

[36] Tansu Йүнүс Емре, «кашгарлыда хожалар деври ве инек йолуу Ака Йурттан Атайурда Турк дунясы, No:7, Истанбул 1995. 127.б

[37] Иклил Курбан, Хожалар Деври «Доктора Тезис» Хажеттепе Университеси Сосял Билимлер Енститусу, Анкара 1992. 96. б



баатырдыгы аркалуу калыптанышып, «Улуу кыргыз мамлекети» же доолөту жылдарындагы саясий, экономикалык, маданий-культурологиялык өнүгүүсүнүн өзгөчө таасирдүүлүгү, карт тарыхтын барарындагы кээде жарык, кээде булбул жанып кыргыз деген учугун үзбөй келген жолунда, айрым тактоолор, археологиялык, этнографиялык, культурологиялык булактардын жыл сайын көбөйүшү, кыргызды кыргыз кылган улуу эпикалык дастаны «Манастын» тарыхый булак катары пайдаланышы жөнүндө учкай сөз жүрөт. Кыргыз тарыхындагы белгилүү инсандар Тоомын (Түмөн), Барсбек, Мухаммбет-Кыргыз, Сатук буура Карахан, Захредин Бабур, Махмуд Кашкари, Жусуп Баласагындардын өмүрү жана ишмердиктери, алардын Кыргыз мамлекеттүүлүгүнө кошкон салымдары боюнча маалымат берилет.

Макендондук Александр (Искендер Зулкарнайын) бул кайрылууга маани бербестен Сырдарыядан өткөн. Кармашууда гректер жеңсе дагы, кайра Сырдарыяны кечип артка кетишкен жана андан кийин кайрылып келген эмес.

Сактарда аялдардын согушка катышы да себеп болгон.

### Уйсундардын мамлекети.

Адегенде уйсундар гүндар менен Уулу Кытай дубалынын батыш тарабында көчүп- конуп жүрүшкөн.Б.з.ч.160-жылдардын тегерегинде уйсундардын бир бөлүгү сактарды, Юэчжейлерди талкалап Теңир-Тоо, Жетисууда мамлекет курушкан. Аларды «Усунь-го» бул жерде «го» мамлекет дегенди билдирет деп кытай тарыхында жазылып калган. Башкаруучусун «Кунбаг», «Уруулардын башчысы» деп атаышып,борбору «Чигу-чен» («Кызыл эрөөндүн шаары») болгон. Бул шаардын калдыгы Түптүн булуңундагы Ысыккөлдүн толкундарынын алдында калган. Уйсундар негизинен мал чарбачылыгы менен алек болсо дагы, айрым учурларда жер иштетишкен, отурукташкан элдер болгон. Кытай жазма булактарында жазылгандай Уйсун мамлекетинде 630 мин жашоочусу, 180 мин аскери болгон. Б.з.ч. 11 кылымда уйсундар Хань империясын таасири менен гүндарды талкалап , Уулу Жибек жолун контролдоо аны Грек — Бактрияга чейин кайтаруу иштерине катышкан.Ушул максатта б.з.ч. 109 жылы Кытай императору Уди уйсундарга элчи жиберүү менен, кытайлык бир сулуу кызын күнбака аялдыка берген. Элчинин тизиминде Кытайлык дипломат Чжен Цянь болуп Уулу Жибек жолунун ачылышынын алдындагы уйсундардын жашоо-тиричилигин жазып калтырган.

Уйсундардын мамлекети азыркы Иттенир-Тоо, Жетисууну толугу менен ээлеп турган. Чыгыштан Иртышка, батыштан Таласка, түштүктөн Фергана ооз кыркасына, түндүгүнөн Балхашка жеткен. Кытайдан башка Давань, Кангюй мамлекеттери менен дипломатиялык байланышта болгон (Кангюйдагы жолугуушуларда Уйсундардын элчиси Кытай элчисинен жогору отураар эле).Акыркы Уйсун мамлекетинин начарлашы боюнча б.з.ч. 437 жылдагы алардын Кытайга жиберген элчиси жөнүндө жазма булактар калган. У1 —кылымдын жарымынан баштап Уйсундар Турк каганатынын тизимине киришкен.